ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын апрель айында өтүүчү 8-жыйынында карала турган “ Факультеттердин жана колледждердин эл аралык ишмердигинин абалы” маселесин даярдоо үчүн ЭСТЕТКИЧКЕ

# ӨЗГӨН ЭЛ АРАЛЫК МЕДИЦИНАЛЫК КОЛЛЕДЖИНИН ЭЛ АРАЛЫК ИШМЕРДИГИНИН АБАЛЫ БОЮНЧА  МААЛЫМАТЫ

**1**.Факультеттердин, колледждердин жана кафедралардын иш-пландарында эл аралык кызматташуу боюнча иш-чаралардын чагылдырышы жана алардын аткарылышы.

1. ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин педагогикаклык кеңешинин 2022-2023-окуу жылынын иш планында "Академиялык мобилдүүлүк боюнча маалымат" деген иш чара чагылдырылган.
***<u>Аткарылышы:</u>*** 2023-жылдын 30-январында №6 отурумунда каралып, эл аралык байланыштар боюнча координатор Жумалиева Р.О. маалымат жасаган.

2. ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинде 3 цикл бар. Булар "Жалпы кесиптик дисциплиналар" циклы, "Клиникалык дисциплиналар" циклы жана "Жалпы гуманитардык жана социалдык-экономикалык дисциплиналар" циклы. Ар бир ПЦКнын 2022-2023 окуу жылынын иш планында "Тышкы байланыштар жана мобилдүүлүк" деген пункт чагылдырылган.
***<u>Аткарылышы:</u>***
***<u>2.1. 2022-2023</u>***-окуу жылынын ПЦКлардын иш планында каралган маселелрге ылайык эл аралык байланыштар боюнча жооптуу Жумалиева Р.О. кураторлук сааттарда биринчи курстун тайпалары менен жолугушу уюштуруп, мобилдүүлүк боюнча маалымат берип, Кыргызстандагы медициналык колледждердин тизмеси менен тааныштырган.
***<u>2.2. 2022-2023</u>***-окуу жылында ПЦКлар тарабынан конок лекциялар уюштурулуп, окуу жайдын сайтына жайгаштырылган.

2.Факультеттердин окумуштуулар, колледждердин педагогикалык кеңештеринде жана кафедралардын кеңешмелеринде эл аралык кызматташуу багытындагы маселелердин каралышы жана алардын чечимдеринин аткарылышы.

2023-жылдын 30-январында өткөрүлгөн педагогикалык кеңештин №6 отурумунунда эл аралык байланыштар боюнча профессордук-окутуучулук курамынын мобилдүүлүгүн уюштурууну колго алуу деген чечим кабыл алынган.

***<u>Чечимдин аткарылышы:</u>***
*3.1. Март айында Кыргызстандагы медициналык колледждер менен келишимдер 2023-2028 жылдарга чейин узартылды.*
*3.2. Апрель айында Өзбекистан өлкөсүнүн Бухара шаарында жайгашкан Абу Али ибн Сина атындагы Бухара мамлекеттик институтунун медициналык техникуму менен меморандум түзүлүп, кол коюлду. (Профессордук-окутуучулук курамынын иш сапары пландалууда)*

3. 2022-2023-окуу жылынын 05-апрелинен 30-апрелине чейин "Медициналык айым"багытынын 2-курсунун студенттери Абраимов К. жана Маметова Б. Ош шаарында жайгашкан Ош медициналык колледжине ички мобилдүүлүкө жөнөтүлдү.

Ушул эле жылдын 25-апрелинен-22-майга чейин "Фармация" багытынын студенттери Камчыбеков М. жана Манапов Н. Ош аймактык медициналык колледжине ички мобилдүүлүкө жөнөтүлдү.

3.Факультеттер, колледждер, кафедралар кызматташкан өнөктөш (чет өлкөлүк жана ата мекендик) окуу жайлардын тизмеси, кызматташуунун мазмуну жана натыйжалары.

ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжи Кыргызстандагы 25 медициналык колледждер менен кызматташат. Келишимдер түзүлгөн. Кызматташуунун мазмууну студенттердин жана окутуучулардын ички мобилдүүлүгүн түзүү. Натыйжалуулугуна студенттердин ички мобилдүүлүк сапарлары, окутуучулаар арасында уюштурулган конок лекциялар, "Медициналык айым" багытынын бүтүрүчүлөрү арасында уюштурулган олимпиадалар, окутуучулардын катышуусундагы семинар-треннинг сыяктуу иш чаралардын аткарылышы далил боло алат.

4.Студенттердин жана окутуучулардын акыркы 3 окуу жылдарындагы академиялык мобилдүүлүктөрү боюнча маалыматтар.

2020-2021- окуу жылынан баштап "Медициналык айым иши" адистигинен 4 студент, "Фармация" адистигинен 3 студент ички мобилдүүлүк сапарында болушкан.

| № | Ф.И.О. | Курс | Багыты | Университет | Семестри | Окуу жылы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Раимберди кызы Аймээрим | 1-курс | «Медициналык айым иши» | ОшКУУнун медициналык колледжи | Жазгы | 18.11.2021 - 02.12.2021 |
| 2 | Хасанова Малохат Хусанбаевна | 1-курс | "Фармация" | Ош медициналык колледжи | Күзгү | 18.11.2021 - 02.12.2021 |
| 3 | Исмаилова Сайорахан Хайдаралиевна | 1-курс | "Фармация" | Ош медициналык колледжи | Күзгү | 18.11.2021 - 02.12.2021 |
| 4 | Акылбек кызы Айпери | 1-курс | «Медициналык айым иши» | Ош медициналык колледжи | Күзгү | 14.02.2022 - 01.03.2022 |
| 5 | Ибрагимова Айгерим | 1-курс | "Фармация" | Бишкек медико-фармацевтикалык колледжи | Жазгы | 18.11.2021 - 02.12.2021 |
| 6 | Абдраимов К. | 2-курс | «Медициналык айым иши» | Ош медициналык колледжи | Жазгы | 05.04.2023 - 30.04.2023 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 7 | Маметова Б. | 2-курс | «Медициналык айым иши» | Ош медициналык колледжи | Жазгы | 05.04.2023 - 30.04.2023 |
| 8 | Камчыбеков М. | 1-курс | «Фармация» | Ош аймактык медициналык колледжи | Жазгы | 25.04.2023 - 22.05.2023 |
| 9 | Манапов Н. | 1-курс | «Фармация» | Ош аймактык медициналык колледжи | Жазгы | 25.04.2023 - 22.05.2023 |

Окутуучулук-профессордук курамдан окуу жайдын директору Станбаев Ө.Т ***2022-2023***-окуу жылынын октябрь айында Өзбекистан, ноябрь айында Казакстан өлкөлөрүндө иш сапарында болду.

5.Мобилдүүлүк боюнча маалыматтарды студенттерге жана окутуучуларга таркатуу боюнча аткарылган иштер.

5.1. 2022-2023-окуу жылынын 14-ноябрында студенттер арасында “Өнөктөш окуу жайлардан билим алып келүүнүн артыкчылыктары” темасында тегерек стол өткөрүлдү.
5. 2. 2022-2023-окуу жылынын 13-мартында “Академиялык мобилдүүлүк программасы” темасында жыйын өткөрүлдү.
5.3. Куратордук сааттарда маалыматтар таркатылды.
5.4. ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин www.umk.kg сайты аркылуу жүзөөгө ашууда.

6.Факультеттерде биргелешкен билим берүү программаларын ишке ашыруу боюнча аткарылып жаткан иштер.

6.1. Кош дипломдуулук жана биргелешкен билим берүү программаларын ишке ашыруу максатында ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин директору Станбаев Ө.Т жана Абу Али ибн Сина атындагы Бухара мамлекеттик институтунун медициналык техникумунун директору Очилов У.Б. 2022-2023-окуу жылынын март-апрель айларында кызматташуу боюнча онлайн сүйлөшүүлөрдү жүргүзүлүп, меморандумга кол коюлду. Меморандумдун алкагында окутучулардын жана студенттердин мобилдүүлүгү, илимий багытындагы иш чаралардын уюштурулушу, биргелешкен билим берүү программаларын ишке ашыруу ж.б. иш чаралар камтылган.

2. Учурда биргелешкен билим берүү программаларын ишке ашыруу максатында Казакстандагы Атырау жогорку медициналык колледжи менен сүйлөшүүлө жүрүүдө.

7.Чет өлкөлүк жана ата мекендик окуу жайлардын ОшМУга келген конок-лекторлор жана уюштурулган онлайн лекциялар боюнча маалымат.

ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинде 2020-2023-окуу жылдар аралыгында уюштурулган конок лекциялардын абалы төмөндөгүчө:

| № | Конок лекциянын уюштурулушу | Өткөрүлгөн мөөнөтү | Адистиги тайпасы | Түрү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | ОсОО “МэР-Чөп” 892-дарыканасынын башчысы Шаяхметова Р.Р. “Лекарственное сырье животного происхождения” | 2020-ж. 27-март | “Фармация” адистигинин 3-курсунун студенттери | Оффлайн түрүндө |
| 2 | “Жумуш берүүнүн жолдомолорун көрсөтүү” туралуу “ЖЧК Дармек Фарм” фирмасынын өкүлдөрү | 2021-ж. 12 -октябрь | “Фармация” адистигинин 3-курсунун студенттери | Оффлайн түрүндө |
| 3 | Терапия предметинен “Терапия-мед айымдар учун адистик дисциплина”. Лектор-Озгон ТБнын ички ооруулар болумунун башчысы Дуйшеев Жылдыз Капарович | 25.02.2021. | “Акушердик иши”<br>“Сестралык иши”<br>“Дарылоо иши” | Оффлайн түрүндө |
| 4 | Кыргызстандын тарыхы предметинен “Эне-сай кыргыз мамлекети” Лектор-ОшТУнун академик Б. Мурзубраимов атындагы эл аралык Озгон технология жана билим беруу институтунун укук жана коомдук илимдер кафедрасынын тарых и. к., доцент Темиралиева Г. Т. | 27.02.2021. | “Акушердик иши”<br>“Сестралык иши”<br>“Дарылоо иши”, “Фармация” | Оффлайн түрүндө |
| 5 | Нарын медициналык колледжинин “Жугуштуу оорулар” предметинин окутуучусу Орозова Айнур Токтосуновна “Менингит” темасында | 01.10.2021. | Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин “Акушердик иши” адистигинин 3АД1-19 тайпасынын студенттерине | Онлайн түрүндө |
| 6 | Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин “Жугуштуу оорулар” предметинин окутуучусу Хамидова Абида Хамидовна | 07.10.2021. | Нарын медициналык колледжинин “Медайымдын иши” адистигинин 3 СД тайпасынын студенттерине | Онлайн түрүндө |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | “Күйдүргү” темасында | | | |
| 7 | Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин Терапия предметинин окутуучусу Аильчинова Назира Уркумбаевна “Бронхиальная астма” темасында | 08.10.2021. | Нарын медициналык колледжинин “Акушердик иши” адистигинин 2-курсунун студенттерине | Онлайн түрүндө |
| 8 | Нарын медициналык колледжинин №2 кошундун башчысы Мамытбекова Гулсайра Ишеналиевна терапия предметинен “Аш казандын жара оорусу жана залалдуу шишигинде сестралык процесс” темасында | 12.10.2021 | Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин “Медайымдын иши” адистигинин 2-курсунун студенттерине | Онлайн түрүндө |
| 9 | Нарын медициналык колледжинин №1 кошундун башчысы акушерство дисциплинасынын окутуучусу Абдразакова Жазгүл “Уруктануу жана күмөндүн өсүү мезгили” темасында | 13.10.2021 | Кара көл жана Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин 2-курсунун студенттерине | Онлайн түрүндө |
| 10 | Нарын медициналык колледжинин мед айым ишинин негиздери предметинин окутуучусу “Дары каражаттарын колдонуу” темасында | 14.10.2021 | Токмок, Кара көл жана Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин 1-курсунун студенттерине | Онлайн түрүндө |
| 11 | Нарын медициналык колледжинин мед айым ишинин негиздери предметинин окутуучусу “Термометрия” темасында | 15.10.2021 | Токмок, Кара көл жана Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин 1-курсунун студенттерине | Онлайн түрүндө |
| 12 | ЧП “Мухтарханова” фирмасынын директору Мухтарханова Якутхан Мансурхановна “Учет материальных ценностей” | 29.10.2022 | “Фармация” адистигинин 3-курсунун студенттери | Оффлайн түрүндө |
| 13 | Өзгөн райондук жалпы дарыгердик практика борборунун дарыгери | 24.02.2023 | “Медициналык айым иши” , “Акушердик иши” адистиктеринин 2, 3 – | Оффлайн түрүндө |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Юсупжанов Азиз Рахманжанович “Профилактика ВИЧ и Гепатита” | | курсунун студенттери | |
| 14 | Бишкек медициналык колледжи “Педиатрия” ПЦКсы | 28.02.2023-03.03.2023 | Клиникалык дисциплиналар ПЦКсынын окутуучулары | Онлайн түрүндө |
| 15 | ОсОО “Мээр-чөп” өкүлү Осмонова Мээрим “Дары өсүмдүктөрдү анализдөө” | 07.03.2023 | “Фармация” адистигинин 2-курсунун студенттери | Оффлайн түрүндө |

8.Учурда иштеп жаткан долбоорлор жана жаңы долбоорлорго тапшырылган өтүнмөлөр жөнүндө маалыматтар.

8.1. Бүгүнкү күндө ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжи Швейцария мамлекетинин элчилигинин колдоосу менен «Кыргыз Республикасындагы медициналык билим берүүнү реформалоо» долбоору нун алкагында иш жүргүзүп келет. Натыйжада Саламаттыкты сактоо министрлиги жана Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан ишке ашырылып жаткан Кыргызстандагы медициналык билим берүүнү реформалоо долбоорунун “Медициналык айым иши” адистиги боюнча эксперименталдык программасы боюнча пилоттук колледжин бири болуп бекитилди. Эксперименталдык программа боюнча 2022-2023-окуу жылында окутуу жүргүзүлө баштады. Кыргызстан боюнча 5 медициналык колледж: Токмок медициналык колледжи, Нарын медициналык колледжи, Бишкек медициналык колледжи, ОшМУнун медициналык колледжи жана Өзгөн эл аралык медициналык колледжи пилоттук болуп бекитилген. (Буйрук №484 19.04.2022)

8.2. Эл аралык «Медайым» программасы медициналык колледждердин «Сестралык иш» адистиги боюнча мыкты бүтүрүүчү-студенттерге Германиядагы медициналык мекемелерде ишке орноштуруу боюнча кызматташуу жүрүүдө. Натыйжада “Медайым иши”адистигинин бүтүрүүчү студенттери немец тилинен окуу курсунда окуп жатышат.

8.3. 2023-жылдын 25-апрелинде Кыргыз Республикасындагы KOICA өкүлчүлүгүнө волонтерду тартуу боюнча өтүнмө кат жөнөтүлдү.

9. Факультеттерде жана колледждерде өткөрүлгөн эл аралык деңгээлдеги иш чаралар.

1. Кыргызстандагы Туркия элчилигинин билим берүү кеңешчилиги менен ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжи менен 2022-2023-окуу жылында келишим түзүлүп, окутуучулар жанан студенттер түрк тилин үйрөнүүдө. А1 деңгээлинен 2 тайпа бүтүргөн, учурда А2 деңгээлинде 1 тайпа билим алууда.

2.Абу Али ибн Сина атындагы Бухара мамлекеттик институтунун медициналык техникуму менен меморандум түзүлүп, перспективдүү иш аракеттердин аткарылуушуу каралууда.

3. Биргелешкен билим берүү программаларын ишке ашыруу максатында Казакстандагы Атырау жогорку медициналык колледжи менен сүйлөшүлөр жүрүүдө.

10. Эл аралык кызматташууда пайда болгон көйгөйлөр. Эл аралык кызматташууну өркүндөтүү боюнча сунуштар.

- Студенттер мобилдүүлүкө жөнөтүүдө, жатакана маселеси чооң көйгөй жаратууда.

Даярдаган: Жумалиева Роза Ормоновна